**Эл аралык Кувейт университети**
**Эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын**
**“Юриспруденция” багытынын кеңейтилген отурумунун протоколу**

**Өткөрүлүүчү күнү: 17.05.2024-ж.**
**Өткөрүлүүчү орду: Зал Катар (конференц-зал)**
**Убактысы: саат 11:30**

**Катышуучулар:**
**Байсеркеев А. Э. ЭКУнун ректору**
**Джунусбаева Ч. И. ЭКУнун окуу иштери жана илим боюнча проректору**
**Төрага,** Кафедра башчысы, саясий илимдердин кандидаты, доцент Дуйшеева Р.К.
Катчы:Аскарбек кызы Д.

| ФИО | Место работы | Подпись |
|---|---|---|
| Байсеркеев Аскарбек Эсенович | Ректор МКУ | |
| Джунусбаева Чолпон Исаевна | Проректор по учебной работе и науке МКУ | |
| Абдуламитова Динара Койчумановна | ЭКУнун ОМБ башчысы | |
| Турдумамбетов Акылбек Шайымкадырович | Проректор по воспитательной работе, международным связям и государственному языку МКУ | |
| **гости расширенного заседания** | | |
| Исаева Турсун Таалайбековна | Главный специалист Административного отдела Министерства иностранных дел Кыргызской Республики, кандидат юридических наук (онлайн). | |
| Арабаева Айзат Матаевна | Главный специалист управления экономического законодательства Министерства Юстиции Кыргызской Республики (онлайн). | |
| **профессорско-преподавательский состав кафедры юриспруденции МКУ** | | |
| Дуйшеева Роза Касымбаевна | Заведующая кафедрой международных отношений и юриспруденции, кандидат политических наук, доцент | |
| Жылкичиева Кундуз Сапарбековна | и.о.профессор кафедры международных отношений и юриспруденции, доктор юридических наук | |
| Шейшекеева Гульмира Муслимовна | Кандидат исторических наук | |
| Исмаилов Аскарбек Кожомбекович | Декан факультета гуманитарных и естественных наук, к.ю.н., доцент кафедры международных отношений и юриспруденции | |
| Карынов Чолпонбай Карыпбаевич | Профессор МКУ<br>к.ю.н.,доцент | |
| Бопоев Назаркул Бопоевич | Профессор МКУ | |
| Фараджиев Мамед Ахмед Оглы | доцент | |
| Ли Эдуард Анатолиевич | к.ю.н., доцент | |

| | | |
|---|---|---|
| Мурзабеков Аскар Табалдиевич | Старший преподаватель | |
| Босумбаева Чынара Жоомартовна | Старший преподаватель | |
| Торомырзаев Темирлан Торобекович | к.ю.н. доцент | |

## 1. КҮН ТАРТИБИ:

1. «Юриспруденция» багытындагы адистерди даярдоодо окуу процессинин сапатын жогорулатуу боюнча негизги милдеттерди иш берүүчүлөр (стейкхолдерлер, социалдык өнөктөштөр) менен биргелешип кароо:

а) иш берүүчүлөр менен биргеликте "Юриспруденция" багытындагы окуу дисциплиналарын талкуулоо;

б) «Юриспруденция» багыты боюнча бакалавриат студенттеринин практикалык базасын (окуу, өндүрүштүк жана бүтүрүү иштерин жазуу) талкуулоо;

в) «Юриспруденция» багыты боюнча окутуучулардын жана студенттердин мобилдүүлүгүн жогорулатуу маселелерин талкуулоо.

2. Ар түрдүү маселелер

**Жооптуу: кафедра башчысы, доцент Дуйшеева. Р.К.**

**УГУЛДУ.** «Юриспруденция» багытындагы адистерди даярдоодо окуу процессинин сапатын жогорулатуу боюнча негизги милдеттерди иш берүүчүлөр (стейкхолдерлер, социалдык өнөктөштөр) менен биргелешип кароо:

**Сөзгө чыккандар: кафедра башчысы, доцент Дуйшеева Р.К.**

Саламатсыздарбы урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары! өзүңүздөргө белгилүү болгондой Эл аралык Кувейт университетинин ар бир кафедралары ушундай форматта отурум өткөрүп жатышат. Бул отурумдун өзгөчөлүгү-отурумга ЭКУнун жумуш берүүчүлөрүнүн жана окуутучулардын катышуусунда болот. Кеңейтилген отурумдун негизги максаты **"Эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын" "Юриспруденция" багыты боюнча** «Юриспруденция» багытындагы адистерди даярдоодо окуу процессинин сапатын жогорулатуу боюнча негизги милдеттерди иш берүүчүлөр (стейкхолдерлер, социалдык өнөктөштөр) менен биргелешип кароо. «Юриспруденция»багыты боюнча жумуш берүүчүлөрүбүздү конокко чакырдык, алар онлайн форматта катышышат. Жана ошондой эле оффлайн форматтагы катышуучуларыбыз да олтурат. Анда эмесе, кецейтилген отурумдун баштоодон мурда катышуучуларыбыз менен тааныштырып өтсөм:

Эл Аралык Кувейт университетинин ректору, п.и.д.,профессор Байсеркеев Аскарбек Эсенович

Эл Аралык Кувейт университетинин окуу иштери жана илим боюнча проректору Джунусбаева Чолпон Исаевна

Эл Аралык Кувейт университетинин ОМБ башчысы Абдуламитова Динара Койчумановна

Эл Аралык Кувейт университетинин гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин деканы Исмаилов Аскарбек Кожомбекович

Эл Аралык Кувейт университетинин "Эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын" ю.и.д.,профессор Жылкичиева Кундуз Сапарбековна

Эл Аралык Кувейт университетинин "Эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын" доценти Фараджиев Мамед Ахмед Оглы

Эл Аралык Кувейт университетинин “Эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын” доценти ю.и.к. Ли Эдуард Анатольевич
Эл Аралык Кувейт университетинин “Эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын” доценти ю.и.к. Торомырзаев Темирлан Торобекович
**Кеңейтилген отурумдун негизги коноктору:** Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрилигинин административдик бөлүмүнүн башкы адиси Исаева Турсун Таалайбековна-онлайн форматта катышмакчы
Кыргыз Республикасынын юстиция министрилигинин экономикалык мыйзамдар башкармалыгынын башкы адиси Арабаева Айзат Матаевна биз менен онлайн форматта.
Анда эмесе, алгачкы сөздү Эл Аралык Кувейт университетинин ректору, п.и.д.,профессор Байсеркеев Аскарбек Эсеновичке узатакчымын.

**Профессор Байсеркеев Аскарбек Эсенович.** Саламатсыздарбы бүгүнкү кеңейтилген отурумдун катышуучулары! 2023-2024-окуу жылында ушундай форматтагы иш-чараларды баштадык.Алгачкы натыйжаларды алып жатабыз. Бүгүнкү күндө билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн жалпы билим берүү планын, программаларын ар тараптуу анализдеп, лекцияларды бүгүнкү күндүн талабына ылайыктуу форматта түзүп чыгуу максатын көздөп жатат бүгүнкү жыйын. Кеңейтилген отурумда иш берүүчүлөр(стейкхолдерлер),бүтүрүүчүлөр, ата-энелер жана профессордук-окутуучулар курамы катышышы керек. “Эл аралык мамилелер” багыты боюнча кеңейтилген отурумда бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөр абдан так, туура сунуштарды берген эле. Биз аларды протоколго киргизип, окуу программаларына өзгөртүү киргизүү жөнүндө сунушту кабыл алдык.Ошондуктан, бул жыйында конкреттүү сунуштарды үмүт кылабыз.Тажрыйбалуу адистер отурат, алардан натыйжалуу сунуштарды алсак жакшы болот. Мисалы, базалык бөлүмдүн өзүн өзгөртө албасак да, мазмунун өзгөртүү, вариативдик бөлүмгө кандай өзгөртүүлөрдү киргизсе болот ж.б.у.с.конкреттүү сунуштар менен иш-аракет жүргүзсөк,сөзсүз натыйжалуу болот деген ишеничтебиз. Анда эмесе, бүгүнкү жыйындын ишине ийгилик каалайбыз!Ар бириңиздер ой-пикирлериңиздерди ачык айтып, ортого салып берүүңүздөрдү өтүнөм.Рахмат!
**Кафедра башчысы, доцент Дуйшеева Р.К. Чоң ыракмат Аскарбек Эсенович!**

**Кийинки сөз** Эл Аралык Кувейт университетинин окуу иштери жана илим боюнча проректору Джунусбаева Чолпон Исаевнада.
**Джунусбаева Чолпон Исаевна.** Саламатсыздарбы бүгүнкү кеңейтилген отурумдун катышуучулары! Байсеркеев Аскарбек Эсенович белгилеп кетекендей, бул жылы кеңейтилген отурумдарды өткөрүүнү чечкенбиз.Буга чейин “тегерек стол” иш-чаралары өтүп келген. Кафедралардын алдына иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен “негизги билим берүү программасын” түзүү тапшырмасы берилген. Бул иш-чаранын жүрүшүндө жакшы сунуштарыңыз менен бөлүшөсүздөр деген үмүттөбүз, жана атап айтканда, юриспруденция тармагындагы билим берүү ишмердүүлүгү үчүн кандай дисциплиналар же компетенциялар талап кылынат. Йигилик! Рахмат!

**Кафедра башчысы, доцент Дуйшеева Р.К.** Кийинки сөздү бүгүнкү отурумдун мындан аркы ишине киргизүү максатында ю.и.д.профессор Жылкичиева Кундуз Сапарбековнага бермекчимин.

**Профессор Жылкичиева Кундуз Сапарбековна.** Кутман күн урматтуу кеңейтилген отурумдун катышуучулары! Урматтуу коноктору! Биринчиден, биздин кеңейтилген отурумга катышууга убакыт бөлгөнүңүз үчүн Сизге терең ыраазычылык билдирүүгө уруксат этиңиз. Күн тартиби конокторубузга жана катышуучуларыбызга алдын ала жиберилген.Күн тартиби боюнча биринчи маселе «Юриспруденция» багытындагы адистерди даярдоодо окуу процессинин сапатын жогорулатуу боюнча негизги милдеттерди иш берүүчүлөр (стейкхолдерлер, социалдык өнөктөштөр) менен биргелешип кароо жана “Юриспруденция” багытындагы окуу дисциплиналарын талкуулоо. Жумушчу окуу

программалары конокторубузга алдын ала жиберилген. “Юриспруденция” багытындагы окуу планы боюнча кесиптештердин жана коноктордун пикирин билгибиз келип турат.

**Анда эмесе, сөз** Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрилигинин административдик бөлүмүнүн башкы адиси Исаева Турсун Таалайбековнада, юридикалык илимдеринин кандидаты, доцент.

**Доцент Исаева Т. Т**. Кутман күн, урматтуу кесиптештер! Чакыруунуздарга чоң ыракмат!

Мен каралып жаткан маселеге өткүм келет, сиздер билесиздер, эмгек рыногу өзгөрүп жатат, ушуга байланыштуу бүтүрүүчүлөр жана ВУЗдар үчүн жаңы чакырыктар пайда болууда. Дисциплинанын өзүнө келсек, мен төмөндөгүлөрдү сунуш кылгым келет:

1. Практикалык көндүмдөр (жумшак көндүмдөр) боюнча курстарды окутуу үчүн кредиттик сааттардын санын көбөйтүү;

2. «Санариптик технологиялар» «Укуктук технология»; «Мыйзам чыгаруу техникасы жана процесси» дисциплиналарын жумушчу окуу планына юриспруденция тармагындагы элективдүү курстарды киргизүү;

3. «Юридикалык кат».

**Профессор Жылкичиева Кундуз Сапарбековна.** Ыраазычылык билдиребиз, сунуштарыныз үчүн чоц ыракмат. Албетте эске алабыз. Жана да, кеңейтилген отурумга катышканыңыз үчүн ыракмат!

**Арабаева Айзат Матаевна** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин экономикалык мыйзамдар бөлүмүнүн башкы адиси (онлайн). Кеңейтилген отурумдун бардык катышуучуларына салам. Бүгүнкү иш-чарага катышууга мүмкүнчүлүк бергениңиз үчүн ыраазычылык билдиргим келет. Учурда актуалдуу темалар көтөрүлүп жатат. Жалпысынан, мен бере турган сунуштар кыска. Өзгөчө:

1. Жогорку курстун студенттерине иш кагаздарын электрондук форматка киргизүүгө үйрөтүү керек. Себеби, бул багыт менен алгач иштеп баштаганымда, ушундай көйгөйлөргө туш болдум. Өзүмдүн тажрыйбамдан айта кетсем, бүтүрүүчүлөргө бул курс ашыкча болбойт.

2. “Санариптик технология» "Сот процесстериндеги санариптик технологиялар" жумушчу окуу планына юриспруденция багыты боюнча элективдик курстарды киргизүү керек;

3. Студенттерге маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн санариптик инструменттерди колдонуу боюнча практикалык көндүмдөрдү үйрөтүү, санариптик каналдарды колдонуу менен мамлекеттик органдар жана коомчулук менен өз ара аракеттенүү; санариптик технологияларды колдонуу менен укук бузууларды каттоо; укук бузууларды каттоонун тартибин үйрөтүү. Азыркы учурда мамлекеттик башкаруу системасы мамлекеттик башкаруу процесстеринин автоматташтырууга багыт алуусун камсыздоого багытталган. Элементтүү түрдө мамлекеттик органдардын кат алышуусу электрондук форматта жүргүзүлөт. Юриспруденция багытындагы бүтүрүүчүлөр замандан артта калбашы керек деп эсептейм. Жана жогоруда айтылган көндүмдөргө ээ болушу керек деп ойлойм.Жалпысынан, сунуш катары жогорудагыларды белгилеп кеттим. Рахмат!

**Доцент Фараджиев М.А.** Кутман күн урматтуу кесиптештер! Окуу процессинде кездешип жаткан көйгөйлөрдү чечүү үчүн жакшы сунуштарды айтып өттү. Толугу менен кошулам.

**Доцент Ли Э. А.** Кутмандуу күн урматтуу кесиптештер! Кеңейтилген отурумга катышууга мүмкүнчүлүк бергениңиз үчүн рахмат. Буга чейин айтылган сунуштарды колдой турганымды белгилегим келет. Анын ичинде санариптик технологияларды гана практикалык колдонуу эмес, бүтүрүүчүлөргө бүтүрүүчү квалификациялык ишинде изилдегиси келген темаларын, актуалдуу маселелерин түзүүгө мүмкүнчүлүк берүү мүмкүнчүлүгүн берүү – бул жакшы идея, мен аны колдойм, анткени азыркы учурда жетекчилер тараптан бекиген темалар алардын көңүлүнө жакпай калуусу мүмкүн,алар эч кандай бир кызыгуусу жок тандап коюшу мүмкүн. Ошондуктан, студенттердин өзү кызыгып жаткан темасын сунуштоосуна мүмкүндүк берсек абдан жакшы болмок деп эсептейм. Үйрөнгөн теорияларды практикада колдонуу жагынан айта турган болсом, университет мамлекеттик органдарга, сотторго, прокуратурага, ички иштер органдарына тиешелүү каттарды жиберип, практикалык юристтерге семинарларды өткөрүү, студенттер процесстин өзүн көрө алышы үчүн сот процесстерине катышуу мүмкүнчүлүгүн берүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүп берсе абдан жакшы болмок. Процессуалдык документтерди, үлгүлөрдү жазуу боюнча методикалык каражаттар болсо жакшы болмок. Менин билишимче, процессуалдык документтердин үлгүлөрү адвокатурада, федералдык адвокатурада жана соттордо иштелип чыккан. Окуу куралдарын алардан сурап же өзүбүздө иштеп чыгып, окуу процессине киргизсек жакшы болмок. Ыракмат!

**Доцент Торомырзаев Т.Т.** Саламатсыздарбы урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучалары! Колдон келишинче студенттерге билим берип жатабыз. Жогоруда айтылган сунуштардын баарына кошулам. Каршылыгым жок жана чечимдердин ишке ашырылуусуна тилектешмин.

**Доцент Исмаилов А.К. Кутман күн баарыңыздарга!** Бүгүн Турсун Таалайбековна, Айзат Матаевна сыяктуу урматтуу конокторубуздун катышып жатканына абдан кубанычтамын. Пайдалуу сунуштарыңыз үчүн рахмат. Албетте иш маселеси катары карап чыгышыбыз керек болот.

Студенттердин практикасы маселеси боюнча айткым келип жатат. Сырттан окуу бөлүмүнүн студенттеринин Окуу, өндүрүштүк, квалификацияга чейинки практикаларын 10 семестрге киргизип, ал эми негизги теориялык дисциплиналарын 1-9 семестр ичинде окутсак деген пикир болуп жатат. Мындай учурда окуу программасын толук өздөштүрүү үчүн жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө жүргөн студенттерге ыңгайлуу шарттарды түзөбүз. Көңүл бурганыңыздар үчүн ыракмат!

**проф.Байсеркеев А.Э.** Бизде бир жакшы үмүт бар, эгерде 2024-2025-окуу жылында Юриспруденция багыты боюнча 1-курска кабыл алуу толсо, 2-курска Казахстандан жана КОБББ студенттеринен топтолсо, 3- курсубуз бар, анда бакалавриат күндүзгү окуу бөлүмүндө 1,2,3-курс толугу менен болуп калса, "Юриспруденция" багытын өзүнчө кафедра болуп бөлүнүп чыгууга толук мүмкүнчүлүк бар. Ал үчүн коллектив болгон аракетин жумшап, профориентациялык иштерге жигердүү катышып берүүсү керек. Эгерде ушул группаларды топтосок, кийинки окуу жылына өзүнчө кафедра болуп бөлүнүп чыгуусу толук ыктымал. Көңүл бурганыңыздар үчүн ыракмат!

**доцент Дуйшеева Р.К.** Урматтуу катышуучулар чоң ыракмат, убактыңарды бөлүп жакшы сунуштарды бергениңер үчүн. Чындыгында "Эл аралык мамилелер жана юриспруденция" кафедрасында эки багыт бирге иш алып барып калган. Бирок бүгүнкү күндө "Юриспруденция" багыты бөлүнүп өз алдынча кафедра болуп кетүүсүнө жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлүп жатат. Ошол мүмкүнчүлүктөрдү коллектив менен биригип ишке ашыруубуз керек. Ошондуктан, коллегалардан суранат элем, аракетибизди чогуу жумшап коелу. "Юриспруденция" кафедрасы жаңы ачылган мезгилдеги деңгээлге чыгаруунун аракети мына бүгүнкү кеңейтилген отурум болуп жатат. Урматтуу коллегалар, ушул

максаттарга жетүү үчүн жакшы түрткү берип кое турган болсоңор, бул багыт өзүнчө кафедра болуп бөлүнүшү толук ыктымал.

**Абдуламитова Д. К. ОМБ башчысы.** Саламатсыздарбы урматтуу катышуучулар, урматтуу коноктор! Сиздердин сунуштарыңыздарды эске алабыз сөзсүз түрдө. Буга чейин дагы "“Эл аралык мамилелер жана юриспруденция” кафедрасы жакшы иш алып барып келе жатат. Мындан кийин дагы жакшы ийгиликтерге жетет деген ойдобуз. Жогоруда айтылган дисциплиналарды карап чыгабыз, протоколго кошобуз. Келе жаткан окуу жылы “Юриспруденция” багыты аккредитациядан өткөнү турабыз. Аккредитациянын талабына ылайык иш жасайбыз. Баарыңыздарга терең ыраазычылык.

**Доцент Дуйшеева Р.К.** Кундуз Сапарбековна сизге терең ыраачылык, ушул иш-чараны уюштурууга өзүңүздүн чоң салымыңызды коштуңуз. Менин атыман, ректордун атынан чоң ыракмат. Жыл бою адамкерчилик, профессионалдык сапаттарын мыкты көрсөттү.

**проф.Жылкичиева К.С.** Терең ыраазычылык билдирем баарыңыздарга. Жогоруда Турсун Таалайбековна, Айзат Матаевна жана кафедранын мүчөлөрү тарабынан айтылган бардык сунуштарды колдойм. Жана кеңейтилген отурумга катышып бергениңиздер үчүн ар бириңиздерге ыраазычылык билдирем.

**Доцент Дуйшеева Р.К.** Анда эмесе, кеңейтилген отурумду жыйынтыктап жатып, кеңейтилген отурумда айтылган бардык сунуштар, каалоо-тилектер протоколго киргизилди. “Юриспруденция” багыты боюнча жаңы жумушчу окуу планын түзүп жатабыз, айтылган сунуштарды эске алабыз. Бул бизге эмне берет? Келечекте замандын талабына ылайык адистерди даярдоого чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. Катышып бергениңиздерге чоң ыракмат, урматтуу коноктор!

**Дуйшеева Р.К.** Жогоруда каралган маселе тууралуу чечимди стейкхолдерлердин берген сунушун эске алуу менен кабыл алып койсок.

**ЧЕЧИМ:**

Юриспруденция багыты боюнча билим берүүнүн сапатын жакшыртууда жумуш берүүчүлөр жана катышуучулар тарабынан берилген сунуштар жаны 2024-2025-окуу жылына карата түзүлүүчү жумушчу окуу программасын түзүүдө эске алынсын.

Добушка койдум. Добуш берип койсоңуздар!

Каршы калыс жок. Чечим бир добуштан өттү.

Келип катышып берегениңиздер үчүн чоң рахмат!

**Эл аралык мамилелер жана юриспруденция”**

**кафедрасынын башчысы** **Дуйшеева Р.К.**

**Катчы** **Аскарбек кызы Д.**

**Предложения работодателей**

17 мая 2024 года в 11_00 часов на расширенном заседании «Актуальные вопросы подготовки высокопрофессиональных специалистов в области юриспруденции», организованном кафедрой международных отношений и юриспруденции Международного Кувейтского университета по направлению «Юриспруденция», поступили следующие предложения от приглашенных работодателей:

| ФИО | Рекомендации: |
|---|---|
| Исаева Турсун Таалайбековна главный специалист Административного отдела Министерства иностранных дел Кыргызской Республики, кандидат юридических наук (онлайн). | 1. Увеличение количество кредит часов для чтения курсов по практическим навыкаv (soft skills);<br>2. Внедрение элективных курсов по направлению юриспруденция в рабочей учебной программе «Цифровые технологии»; «Юридическая техника»; «Законодательная техника и процесс»;<br>3. «Юридическое письмо». |
| Арабаева Айзат Матаевна главный специалист управления экономического законодательства Министерства Юстиции Кыргызской Республики (онлайн). | 1. Обучение студентов старших курсов введению делопроизводства в электронном формате;<br>2. Внедрение элективных курсов по направлению юриспруденция в рабочей учебной программе «Цифровые при введении делопроизводства»; «цифровые технологий в судопроизводстве».<br>3. Обучение практическим навыкам студентов при использование цифровых инструментов для сбора и анализа информации, взаимодействие с органами государственной власти и общественностью с использованием цифровых каналов; регистрация правонарушений с |

| | |
|---|---|
| | использованием цифровых технологий; о процедура регистрации правонарушений. |
| ППС кафедры | 1. При написании ВКР учитывать заинтересованность студентов в определенном направлении или отрасли права. Заранее утвержденный перечень ВКР, должен быть открытый с возможностью вносить дополнительные темы;<br>2. Увеличивать объем открытых лекций по «Гражданскому процессуальному праву», «Уголовному процессуальному праву»;<br>3. Внедрение элективных курсов по направлению юриспруденция в рабочей учебной программе «Правовые навыки по написанию процессуальных документов»<br>4. Разработка УМК по написанию процессуальных документов;<br>5. Постоянная организация «Игровых судебных процессов» у студентов старших курсов, в целях развития практических навыков. |

**Заведующий кафедрой**
**международных отношений и юриспруденции,**
**кандидат политических наук, доцент** **Дуйшеева Р.К.**

## Общие сведения

17 мая 2024 года в Международном Кувейтском Университете состоялось расширенное заседание кафедры международных отношений и юриспруденции по направлению «Юриспруденция» на тему «Актуальные вопросы подготовки высокопрофессиональных специалистов в области юриспруденции» с участием приглашенных работодателей, в частности **Исаевой Турсун Таалайбековны** – главного специалиста Административного отдела Министерства иностранных дел Кыргызской Республики, кандидата юридических наук;
**Арабаевой Айзат Матаевны** - главного специалиста управления экономического законодательства Министерства Юстиции Кыргызской Республики; а также профессорско-преподавательского состава кафедры, организованном кафедрой международных отношений и юриспруденции Международного Кувейтского университета по направлению «Юриспруденции» по итогам которого была принята резолюция.

В резолюции, принятом по итогам расширенного заседания «Актуальные вопросы подготовки высокопрофессиональных специалистов в области юриспруденции», определено о необходимости активизировать организацию круглых столов и гостевых лекций с участием лучших специалистов, работающих в сфере юриспруденции, практикующих юристов, адвокатов, судей, прокуроров, сотрудников правоохранительных органов.

Кроме этого, одним из важных предложений работодателей было предложения заинтересованных сторон по повышению качества образования по направлению «Юриспруденция» в план работы кафедры, утвержденный на 2024 учебный год, включить учебные дисциплины «Цифровые технологии»; «Юридическая техника»; «Законодательная техника и процесс»; «Юридическое письмо»; «Цифровые технологии при введении делопроизводства»; «Цифровые технологий в судопроизводстве» и увеличение количество кредит часов для чтения курсов по практическим навыкам (soft skills).

**Заведующий кафедрой**
**международных отношений и юриспруденции,**
**кандидат политических наук, доцент** **Дуйшеева Р.К.**

17 мая 2024 года на расширенном заседании «Актуальные вопросы подготовки высокопрофессиональных специалистов в области юриспруденции», организованном кафедрой международных отношений и юриспруденции 530800 Международного Кувейтского университета по направлению «Юриспруденция», принята резолюция.

## ОТЧЕТ


Резолюция, принятая по итогам расширенного заседания «Актуальные вопросы подготовки высокопрофессиональных специалистов в области юриспруденции»:


1. Принятие во внимание всех предложений заинтересованных сторон по повышению качества образования по направлению «Юриспруденции» кафедры Международных отношений и юриспруденции;
2. Сотрудничество с ведущими республиканскими и зарубежными высшими учебными заведениями, осуществляющими подготовку специалистов в области Юриспруденции, в целях эффективной реализации академической мобильности преподавателей, студентов, аспирантов;
3. Организация тренингов-семинаров, направленных на совершенствование умений писать научные статьи и аналитические отчеты, использование информационной и медиаграмотности в целях повышения научной активности студентов и магистрантов;
4. Адаптация формата работы с государственными и негосударственными организациями к новым требованиям в целях эффективной реализации научной и практической работы студентов;
5. Активизировать организацию круглых столов и гостевых лекций с участием лучших специалистов, работающих в сфере юриспруденции, практикующих юристов, адвокатов, судей, прокуроров, сотрудников правоохранительных органов и др.
6. Кафедра международных отношений и юриспруденции включила все предложения заинтересованных сторон и аккредитационного агентства ААОПО по повышению качества образования по направлению «Юриспруденция» в план работы кафедры, утвержденный на 2023 учебный год- 2024. В результате ряд элективных курсов рабочей учебной программы пополнился учебными дисциплинами «Цифровые технологии»; «Юридическая техника»; «Законодательная техника и процесс»; «Юридическое письмо»; «Цифровые при введении делопроизводства»; «Цифровые технологий в судопроизводстве».
7. Кафедрой на постоянной основе осуществляется деятельность по повышение научной активности студентов и магистрантов.

8. Адаптировать формат работы с государственными и негосударственными организациями к новым требованиям в целях эффективной реализации научной и практической работы студентов. Кафедра постоянно работает над этим направлением деятельности. До конца учебного года запланированные кафедрой мероприятия в этом направлении будут полностью реализованы;
9. Увеличение количество кредит часов для чтения курсов по практическим навыкаv (soft skills);
10. Обучение студентов старших курсов введению делопроизводства в электронном формате;
11. Обучение практическим навыкам студентов при использование цифровых инструментов для сбора и анализа информации, взаимодействие с органами государственной власти и общественностью с использованием цифровых каналов; регистрация правонарушений с использованием цифровых технологий; о процедура регистрации правонарушений.
12. При написании ВКР учитывать заинтересованность студентов в определенном направлении или отрасли права. Заранее утвержденный перечень ВКР, должен быть открытый с возможностью вносить дополнительные темы;
13. Увеличивать объем открытых лекций по «Гражданскому процессуальному праву», «Уголовному процессуальному праву»;
14. Внедрение элективных курсов по направлению юриспруденция в рабочей учебной программе «Правовые навыки по написанию процессуальных документов»
15. Разработка УМК по написанию процессуальных документов;
16. Постоянная организация «Игровых судебных процессов» у студентов старших курсов, в целях развития практических навыков.

**Заведующий кафедрой**
**международных отношений и юриспруденции,**
**кандидат политических наук, доцент** **Дуйшеева Р.К.**








الجامعة الكويتية الدولية
INTERNATIONAL
KUWAIT
UNIVERSITY